И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университинин астындагы география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 25.24.698 диссертациялык кеңештин экспертинин Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин "Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери "деген темадагы 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМ

Изденүүчү Орозалиев Алымкул Абдикеримович "Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери" деген темадагы 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын таанышып, төмөндөгүдөй бүтүмгө келдим:

**1.Иштин диссертациялык кеңештин профилине жана адистиктин паспортуна дал келиши.** Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин коргоого коюлган «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» аттуу темада жазылган кандидаттык диссертациялык иши И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университинин алдындагы география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 25.24.698 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациялык иште Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелерин комплекстүү түрдө айкалыштырып изилдеп жана климаттын өзгөрүүсүнө ылайыкташтырылган аймактын суу ресурстарына сандык жактан баа берилип, аймактын экологиялык көйгөйлөрүнө токтолгон. Бул диссертациялык иш 25.00.36 – геоэкология адистигинин паспортуна толугу менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты** аймактын суу ресурстарынын санына жана жер ресурстарынын климаттын өзгөрүүсүнө карата пайдаланууда адаптация процесстерине ыңгайлаштыруу ошондой эле аймака геоэкологиялык жактан баа берүүдө көйгөйлөрдү илимий жактан талдоо болуп саналат.

Алдыга коюлган максатка жетүүдө төмөнкү **милдеттер** такталган:

1. Изилденип жаткан аймактын бийиктик алкактарын карата суу-жер ресурстарынын калыптануусуна географиялык мыйзам ченемдүүлүкүн негизинде изилдөө жүргүзүү;
2. Аймактын суу ресурстарына сандык жактан баа берүү жана азыркы колдонуп жаткан көлөмдөгү суу ресурстарына анализ жүргүзүү;

ГИС ыкмасын колдонуунун негизинде изилденип жаткан аймактын жылдык атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмү, жылдык буулануунун, областынын климаттык өзгөрүүсүнө байланыштуу 2100-жылга чейинки болжолдуу карталарын түзүү, жер ресурстарынын бүгүнкү күндөгү абалына геоэкологиялык жактан баа берүү;

3. Азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу аймактын суу ресурстарына кайрадан жаңы шарттарда баалоо жүргүзүү;

4. Аймактын суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш аракеттердин негизин түзүү жана ошондой эле адаптация механизмдерин сунуштоо.

**Изилдөөнүн объектиси** Баткен областынын аймагында жайгашкан суу-жер ресурстарынын учурдун талаптарына ылайык геоэкологиялык жактан илимий талдоо жүргүзүлгөн.

Автор тарабынан аймакта жайгашкан суу-жер ресурстарын изилдөөдө төмөнкү усулдардын негизинде жүргүзүлгөн: илимий маалыматтарды топтоо, аймака визуалдык байкоо жүгүзүү, суу ресурстарына баа берүүдө географиялык-гидрологиялык усулду колдонуу, салыштырма-географиялык, статистикалык, картографиялык, экспедициялык жана ГИС ыкмасынын негизинде изилденип жаткан аймактын карталары түзүлгөн, Баардык колдонулган географиялык усулдар 25.00.36-геоэкология адистигинин талабына жооп берет.

**2.Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Изилденип жаткан аймак Кыргыз Республикасынын түштүгүндө жайгашкандыгына байланыштуу географиялык жактан ариддик зоналарына кирээрин өзү эле азыркы учурда суу ресурстарынын күнүмдүк жашоо турмушта, өндүрүштө, айыл чарбасында колдонуп жаткандыгы акыркы мезгилде туруктуу пайдаланууда күмөн жаратат.

Ушул күмөндүү, көйгөйлүү маселелерди теориялык жактан изилдөө жана климаттын өзгөрүүсүнө жараша жаратылыш компоненттеринин өзгөрүүсү, өзгөчө аймактын суу-жер ресурстарына табигый экологиялык жана экономикалык жактан баа берүү, Баткен областы өнөр жай жана агрардык айыл чарбасына багытталган областтардын катарында болгондуктан анын экономикасын өнүктүрүүдө жана калктын социалдык абалын көтөрүүдө, айыл чарбасындагы жер реформаларын ишке ашыруунун бирден-бир себеби суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана колдонуу бүгүнкү күндө өтө актуалдуу. Ошондой эле Баткен областынын дарыяларынын коңушу мамлекеттер менен жалпы бир чөлкөмдө болгондуктан айрым учурларда суу ресурстарын колдонууда бир топ маселелерди жаратпай койбойт. Демек

аймактагы суунун көлөмүн илимий теориялык жана практикалык жактан ойлондуруучу маселелердин бири деп эсептейбиз.

Бүгүнкү күндө изилденип жаткан аймактын климаттын өзгөрүүсүнө жараша суу-жер ресурстарынын экологиялык, экономикалык, сандык жактан талдоо жана аны практика жүзүндө айыл чарбасынын өнүгүшү үчүн бири-бирине айкалыштырып кароо жана пайдалануу мезгилдин башкы актуалдуу маселелердин бири.

Ошол эле учурда калктын саны өсүп, жаңы турак жайлар, өндүрүштөр курулууда. Өсүп жаткан калкты айыл чарба продукциясы менен камсыздоо үчүн сугат жерлердин аянтын кеңейтүү жана суу чарбалык системалар да жаңылоо негизги талаптардын бири болуп саналат.

Демек, аймактын суу ресурстарын пайдалануудагы социалдык-экономикалык пайдалар жана зыяндарды (жоготуулар) аныктоо, мамлекеттер аралык суу ресурстарын пайдалануудагы сунуштарды берүү коңшу мамлекеттер менен мурунку болгон суу чарбалык маселелер боюнча келишимдерди кайра карап чыгууга убакыт келди.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде изденүүчү Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин илимий иши актуалдуу деп эсептөөгө болот.

**3. Илимий иштин жыйынтыктары.** Иште төмөндөгүдөй жаңы илимий негизде теориялык жана практикалык жыйынтыктар келтирилген:

**1-жыйынтык.** Аймактагы суу-жер ресурстарынын коргоо жана үнөмдүү колдонуу үчүн илимий түрдө тастыкталган иш аракеттердин жана туура пландоо жана климаттын өгөрүүсүнө карата адаптация механизмдери сунушталды.

**2-жыйынтык.** Аймактын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын калыптануусунун географиялык мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталып, аймактын физикалык-географиялык шарттары суу-жер ресурстары боюнча негизги фактор катары көрсөтүлдү;

**3-жыйынтык.** Суу ресурстарына сандык жактан баа берилип, бүгүнкү күндө областа суунун жетишсиздиги аныкталды;

4-**жыйынтык.** ГИС ыкмасынын колдонуунун негизинде аймактын төмөндөгү (жылдык атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмү, жылдык буулануунун, нымдуулуктун жана экологиялык) карталары түзүлүп, областынын климаттык өзгөрүүсүнө байланыштуу 2100-жылга чейинки болжолдуу картасы түзүлдү.

**5-жыйынтык.** Азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу аймакта жер ресурстарын пайдаланууда жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке тиричилик жана

чарбачылыкта жаңыча көз караште калыптандыруу маселелери каралды;

**6-жыйынтык.** Аймактын суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча атайын илимий сунуштар иштелип чыкты.

**7-жыйынтык.**Экологиялык жактан коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча аймактын суу-жер ресурстарына атайын илимий түрдө иш чараларды туура пландоо жана пайдаланууга сунуштар берилип, климаттын өзгөрүүсүнө карата тастыкталган адаптация механизмдерин иштелип чыккан.

**4. Изденүүчү тарабынан диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыктын (илимий жобонун) жана бүтүмдөрдүн негиздөө деңгээли жана тактыгы.**

Автор тарабынан жыйынтыктарды жана жоболорду негиздөө үчүн пайдаланылган усулдар.

**1-жыйынтык.** Аймак үчүн иштелип чыккан адаптация механизмдери суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдууда илим жагынан тастыкталып, жергиликтүү фермер, дыйкандар чарба иштерин пландоодо өз жемишин берет.

**2-жыйынтык.** Суу-жер ресурстары бийиктик алкактардын негизинде өзүнчө аймак катары илимий түрдө аныкталып, географиялык салыштыруу ыкманын негизинде, географиялык мыйзамченемдүүлүктөрдү эске алып, аймактын физикалык-географиялык шарттары негизги факторлору боюнча аныкталды.

**3-жыйынтык.** Аймака биринчи жолу илимий Географиялык-гидрологиялык усулдун негизинде М.И. Львовичтин суу балансынын тендмеси боюнча аймактын суу ресурстарына сандык жактан эсептелип, такталып, бүгүнкү күндө областа суунун ресурстарынын тартыштыгы боюнча баа берилген.

**4-жыйынтык.** ГИС ыкмасынын негизинде Кыргызстандын атласын колдонуп, аймактын төмөндөгү географиялык карталары (жылдык атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмү, жылдык буулануунун, нымдуулуктун жана экологиялык) карталары түзүлүп, областынын климаттык өзгөрүүсүнө байланыштуу 2100-жылга чейинки болжолдуу картасы түзүлдү.

**5-жыйынтык.** Климаттын өзгөрүүсүнө байланышттуу аймакта чарба жүргүзүүдгө ыңгайлашууга тиешелүү сунуштар каралып, областынын климаттык өзгөрүүсүнө байланыштуу 2100-жылга чейинки болжолдуу картасы түзөлгөн.

**6-жыйынтык.** Аймакта климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке

тиричилик жана чарбачылыкта адам баласы үчүн суу-жер ресурстарын пайдаланууда жаңыча көз карашты калыптандыруу маселелери боюнча сунуштар берилген.

**7-жыйынтык.** Экологиялык жактан коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча аймактын суу-жер ресурстарына атайын илимий түрдө иш чараларды туура пландоо жана пайдаланууга сунуштар берилип, климаттын өзгөрүүсүнө карата тастыкталган адаптация механизмдерин иштелип чыккан.

Автордун жекече иштеп чыгуулары илимий адабияттардын обзору аркылуу аргументтелген жана жекече байкоолору, талдоолору аркылуу илимий жактан так далилденген.

**5. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыгынын (жобосунун) жана бүтүмдөрүнүн жанылык деңгээли.**

Диссертациялык иште география илиминин өнүгүүсүнө ээ болгон илимий жактан негизделген жаңы теоретикалык жыйынтыктар менен камтылган:

**1-жыйынтык.** Жаңы, себеби, Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын түзүлүшүн географиялык мыйзам ченемдүүлүгү аныкталып, аймактын физикалык-географиялык шарттары негизги фактор катары көрсөтүлдү.

**2-жыйынтык.** Жаңы, себеби, суу ресурстарын сандык жактан такталып, бүгүнкү күндө бул областа суунун жетишсиздиги боюнча баа берилди.

**3-жыйынтык.** Жаңы, себеби, картографиялык жана ГИС ыкмасынын негизинде Кыргызстандын атласын колдонуп, аймактын төмөндөгү географиялык карталары (жылдык атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмү, жылдык бууланууунун, нымдуулуктун жана экологиялык) карталары түзүлүп, областынын климаттык өзгөрүүсүнө байланыштуу 2100-жылга чейинки болжолдуу картасы түзүлдү.

**4-жыйынтык.** Жаңы, себеби, изилденип жаткан аймактын чарбачылык иш аракеттерди жүргүзүүдө климаттын өзгөрүүсүнө байланышттуу терс таасирлери аныкталып жана тиешелүү сунуштар берилди.

**5-жыйынтык.** Жаңы, себеби, климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу каралып жаткан аймакта бүгүнкү мезгилдин талаптарына ылайк келген азыркы жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке тиричилик жана чарбачылыкта адам баласы үчүн суу-жер ресурстарын пайдаланууда жаңыча көз карашты калыптандыруу маселелери боюнча бир ганча сунуштар берилген.

**6-жыйынтык.** Жаңы, себеби, аймактын суу-жер ресурстарын экологиялык жактан коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш

аракеттерди туура пландоо жана пайдалануу боюнча сунуштар берилип, климаттын өзгөрүүсүнүн ыңгайлануусуна карата тастыкталган адаптация механизмдерин иштелип чыккан.

**6. Тийиштүү актуалдуу проблемаларды, теоретикалык жана колдонмо (прикладдык) милдеттерди чечүүгө арналган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүн жана багыттуулугун баалоо.**

Изилденип жаткан аймактын суу ресурстарын колдонуу, суу ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн усулдук жактан баа берүүдө Ата мекендик жергиликтүү жана чет өлкөлүк суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери боюнча изилдөөлөрдүн теориялык жана усулдук иштелмелери, илимий конфененциялардын, семинарлардын материалдары, эл аралык уюмдардын жана мамлекеттик статистикалык кызматтын маалыматтары, областык жана райондук суу чарба башкармалыгынын архивдик маалыматтары ошондой эле автордун изилдөө учурундагы байкоо жүргүзүүлөрү жана тыянактардын негизинде түзүлгөн.

Теориялык суроолордун иштелмелеринде жергиликтүү жана чет элдик белгилүү илимпоздордун эмгектерине таянып, жогоруда келтирилген жана башка ой-пикирлердин негизинде өркүндөтүлгөн багыттагы изилдөө ыкмалары сунушталган.

Изденүүчү тийиштүү актуалдуу проблемаларды, теоретикалык жана колдонмо (прикладдык) милдеттерди чечүүгө арналган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүн жана багыттуулугун баалоо боюнча алынган натыйжалар аркылуу диссертациянын максатын, предметин, илимий божомолун, милдеттерин ички биримдик жана логикалык байланыштар бар экенин көрүүгө болот.

Ошондой эле диссертациялык иште аймактын суу-жер ресурстарына геоэкологиялык жактан баа берүү, акыркы мезгилдеги адам баласынын жаратылыш ресурстарын пайдаланууда аймактагы жаратылыш компоненттерине тийгизген терс таасирин аныктоо жана геоэкологиялык көйгөйлөрдү илимий жактан талдоо жүргүзүлүп, климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу аларды адаптация процессине ыңгайлаштыруу боюнча мазмундуу сунуштарды камтыган. Белгиленген маселелерди чечүүдө чыгарылган корутундулар берилген сунуштар жетишээрлик деңгээлде аргументтүүлүгүн көргөзүп турат.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Берилген сунуштар Баткен областынын айыл чарба реформаларын ишке ашырууда жана чарбачылык иштерин пландоодо негиз катары колдонууга болот. Ошондой эле аймакта географиялык-гидрологиялык усулду колдонуунун негизинде биринчи жолу Баткен областынын аймагында суу ресурстарынын санына бийиктик алкактар баа берилген. Бул усулдун (метод) суу ресурстарына колдонулушу аймактагы административдик райондор, жергиликтүү айыл аймактар үчүн экономикалык жана социалдык жактан өнүгүшнө оң натыйжасын берет. Андан сырткары азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу Баткен областынын суу ресурстарына кайрадан жаңы шарттарда баалоо жүргүзүүдө сунуштар белгиленген. Ошондой эле жер ресурстарынын сапатына баа берүү менен бирге дүйнөлүк суу ресурстарын колдонуудагы көптөгөн мамлекеттердин практикасында колдонулган бассейиндик башкаруу механизимин киргизүү тажрыбасы жана компенсация жолдорунун механизми сунушталган Бул өндүү процесстер иш жүзүнө ашып калса аймактын экономикасы белгилүү деңгээлде көтөрүүгө болот.

**Орозалиев Алымкул Абдикеримовичдин диссертациясынын материалдарын ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:**

- Илимий негизде Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын түзүлүшүн географиялык мыйзам ченемдүүлүгү аныкталыды.
- Аймактын суу ресурстары сандык жактан такталды жана эл чабасын алдын-ала пландаштырууга мааниси чоң.
- ГИС ыкмасынын негизинде изилденип жаткан аймактын төмөндөгү географиялык карталары (жылдык атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмү, жылдык буулануунун, нымдуулуктун жана экологиялык) карталары түзүлүп, климаттык өзгөрүүсүнө байланыштуу аймактын чөлдөшүү коопсуздугуна карата 2100-жылга чейинки болжолдуу картасы түзүлдү.
- Аймактын чарбачылык иш аракеттерди жүргүзүүдө климаттын өзгөрүүсүнө байланышттуу терс таасирлери аныкталып, тиешелүү сунуштар берилди.
- Климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу изилденип жаткан аймакта жаңы заманбап технологияларды колдонуу бүгүнкү күндүн талабы экендиги аныкталып, суу-жер ресурстарын пайдаланууда жаңыча көз карашты калыптандыруу маселелери боюнча бир ганча сунуштар берилди.
- Аймактын климаттык өзгөрүүсүнө карата айыл чарбасы жана азык-түлүк коопсуздугуна карата тастыкталган адаптация механизмдерин иштелип чыккан.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде жана материалдарда пайдаланылды:**

Илимий иштеги маалыматтар Баткен областынын өзгөчө статуска ээ болгондугуна байланыштуу суу, жер көйгөйлөрү боюнча бир топ сунуштарын колдонду; Баткен райондук суу чарба башкармалыгында, айрым айыл аймактарында дыйкан фермерлер үчүн илимий жыйынтыктардын негизиде тамчылыатып сугаруу ыкмалары, жер ресурстарын туура өдөштүрүүдө райондук суу чарба башкармалыгында колдонуу негиздүү болуп келүүдө. Ошондой эле 2022-2023-жылдары Ош областынын Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл өкмөтүндөгү 2017-жылы жер көчкү басып калган Курбу-Таш айылынын аймагындагы агро-токой мелиорациялык иштер аркылуу кыртышты калыбына келтирүү жана биорекультивациялоо боюнча "Курбу-Таш токой" долбоорун аткарууда жаңы технологияларга жана инновациялык чечимдерге ылайык бак-дарактарды тамчылатып сугаруу системасын пайдаланылган.

Азыркы мезгилде бул илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экология жана менеджмент факультетинин география, экология багытындагы магистранттарга (Кыргызстандын суу ресурстары) тандоо курсу анын ичинде Баткен областы өзгөчө статуска ээ болгондугуна байланыштуу суу, жер көйгөйлөрү боюнча маалыматтар окутулат;

**Диссертациянын илимий натыйжаларын ишке ашыруунун натыйжасында төмөнкү оң жыйынтыктарга жетишкен:**

- Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын түзүлүшүн географиялык мыйзам ченемдүүлүгү аныкталып, аймактын физикалык-географиялык шарттары негизги фактор катары көрсөтүлдү;
- Аймактын суу ресурстарын сандык жактан такталып, бүгүнкү күндө бул областа суунун жетишсиздиги боюнчалды баа берилди;
- ГИС ыкмасынын негизинде изилденип жаткан аймактын төмөндөгү географиялык карталары (жылдык атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмү, жылдык буулануунун, нымдуулуктун жана экологиялык) карталары түзүлүп, климаттык өзгөрүүсүнө байланыштуу аймактын чөлдөшүү коопсуздугуна карата 2100-жылга чейинки болжолдуу картасы түзүлдү.
- Климаттын өзгөрүүсүнө байланышттуу жана ошондой эле чарбачылыктын терс таасири бул аймакта аныкталып, тиешелүү сунуштар берилди;
- Азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу аймакта жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке тиричилик жана чарбачылыкта жаңыча көз караштa калыптандыруу маселелери боюнча сунуштар берилген;

- Аймактын суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш аракеттердин жана туура пландоо менен бирге илимий жактан тастыкталган адаптация механизмдерин иштелип чыгып, сунуштар белгиленген.
- мамлекеттер аралык суу ресурстарын пайдалануудагы проблемалар боюнча теориялык жана практикалык маалыматтык базалары кеңейген.

**8. Жетишкендиктер менен катар төмөнкү кемчиликтерди белгилеп кетем:**

1. Илимий иш боюнча материалдар көп бирок аларды ирээтке келтирүү зарыл.

2. Сунушталган жоболор көп аларды кыскартып, тактоо керек.

2. Карталарды түзүүдө кемчилдиктер бар оңдоо зарыл.

3. Баптардын ичиндеги бөлүмдөрдүн айрымдарын толуктоо зарыл.

4. Иште техникалык мүчүлүштүктөр бар, ошондуктан диссертацияны баштан аяк карап, мүчүлүштүктөрдү жоюу керек.

**9. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана бүтүмдөрүнүн жарыкка чыгуусун тастыктоо:**

Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча диссертациянын негизги мазмунун чагылдырган Илимий иш боюнча 13 илимий макала жарык көргөн.

**10. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Орозалиев Алымкул Абдикеримович «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» деген темадагы автореферaты диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган максаттарга жана милдеттерге толук дал келет. Автореферат кыргыз, орус тилдеринде бирдей мааниге ээ.

**11. Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени дайындоо боюнча сунушту негиздөө.**

Диссертациялык кеңешке эксперт катары төмөндөгүдөй дайындоону сунуш кылам:

а) биринчи расмий оппонент катары география илимдеринин доктору , доцент Акматов Руслан Тынымсейитовичти (автореферат боюнча адистиги 25.00.36-геоэкология), анын изилдөө темасына жакын илимий эмгектердин автору экендигин билебиз:

1. Акматов Руслан Тынымсейитович Нарын дарыясынын көп жылдык агымы, жыл ичинде бөлүнүшү [текст]/ Р.Т. Акматов // Изв. Вузов Кыргызстана – 2018, - №11. – 82-85 б.

2. Акматов Руслан Тынымсейитович Нарын дарыясынын алабынын жогорку бөлүгүндө термикалык режимдин өзгөрүшү [текст]/ Р.Т. Акматов // Наука новый технологии и иновации Кыргызстана – 2021. - №4. – С. 17-19.
3. Акматов Руслан Тынымсейитович Токтогул суу сактагычына куюуучу дарыялардын куралышын изилдөө. [текст]/ Р.Т. Акматов // Изв. Вузов Кыргызстана – 2019, - №12. – 9-13 б.
4. Акматов Руслан Тынымсейитович. Климаттын глобалдык өзгөрүү шартында Нарын дарыясынын жогорку вегетациялык мезгилдеги агымынын өзгөрүшү. Наука новый технологии и иновации Кыргызстана – 2020. - №11. – 3-8б.
5. Акматов Руслан Тынымсейитович.Ички Тянь-Шанда атмосфералык жаан-чачындардын узак мөөнөттүү термелүүлөрүнүн структурасы [текст]/ Наука новый технологии и иновации Кыргызстана – 2020. - №11. – 3-8б.
– 2020, - №1. – 9-17 б.

б) экинчи расмий оппонент катары география илимдеринин кандидаты, доцент Култаева Акмарал Кубанычбековнаны (автореферат боюнча адистиги 25.00.36-геоэкология), ал изилдөө темасына жакын илимий эмгектери бар:

1. Култаева Акмарал Кубанычбековна Кыргызстандын түштүк аймагынын табигый-туристтик потенциалын баалоонун геоэкологиялык маселелери. Монография. –Б.: “Улуу тоолор”, 2017. -168 б.

2. Култаева Акмарал Кубанычбековна Жаратылышты пайдалануунун теориялык маселелери жөнүндө Наука, образование, техника, №1. – Ош, - 2022. – С. 194-198
3. Култаева Акмарал Кубанычбековна Современные возможности освоения нерудных материалов на территории южного региона Кыргызстана Наука, образование, техника, №1. – Ош, - 2023. – С. 182-186

4. Култаева Акмарал Кубанычбековна Освоенность нерудных полезных ископаемых на территории южного региона Кыргызстана(*статья*) Материалы II международной научно-практической конференции. Актуальные проблемы проведения геолого-геофизических исследований – Краснодар. Кубаньский государственный университет. 2024. – С. 271-278

5. Култаева Акмарал Кубанычбековна Кыргызстандын рудалуу кендерин өздөштүрүү абалы жана маселелери Известия ОшТУ, 2024. 94-102 б.

г) жетектөөчү мекеме катары – Наманган мамлекеттик университетинин география жана айлана чөйрөнү коргоо кафедрасын сунуш кылам. Ал жерде 25.00.36 геоэкология адистиги боюнча илимдин бир доктору жана үч илимдин кандидаттары эмгектенишет.

# ЖЫЙЫНТЫК

Орозалиев Алымкул Абдикеримович «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» деген темадагы 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын окуп чыгып, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 25.24.698 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылам.

Диссертация КР Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талабына толук жооп берет.

Эксперт,
Абай атындагы Казах улуттук педагогикалык университетинин география жана экология кафедрасынын профессору,
география илимдеринин доктору Абдиманапов Б.Ш.
07.02.2025

Эксперт Б. Абдиманаповдун колун тастыктайм

Д.25.24.698 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, г.и.к., доцент Д.Т. Солпуева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

2025-жылдын “ 10 ” 02 2025